**УДК:** 78.07

# ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНДУУ МУЗЫКА

Жусупова Райла Иметалиевна ОшМПУ, окутуучу

**Аннотация**

Бул макалада максаты-жаратылыш менен жандуу музыканын ажырагыс байланышы жөнүндө болмокчу. Бүгүнкү күндө жаратылыш байлыктарын, мекенибиздин сулуулугун, кооздугун сактоо үчүн комплекстүү иш-чаралар жүргүзүлбөй жаткандай көрүнөт. Андыктан жаштарга, окуучуларга жаратылыш менен бир тууган, дос болуп таттуу мамиледе жашоону мугалим-окутуучулар, ата-энелер үйрөтүшүбүз керек. Канчалаган акын-жазуучулар, сүрөткер-чеберлер, сыйкырдуу композиторлор жаратылыштын кереметтерин чагылдырган чыгармаларды, балдар ырларын, поэмаларды, пейзаждарды, симфонияларды жаратпады? Музыканын сыйкырдуу тили менен, кучу менен жаратылыштын эриш-аркак, жуурулушур жашакандыгы эбак эле далилденген чындык. Музыка жаратылышсыз, жаратылыш музыкасыз жашай албайт. Бул чындык. Жаратылышсыз жашоо сокур адам бул дүйнөгө келип жарыкчылыкты көрбөй өтүп кеткен сыяктуу. Эгерде жаратылыштын сулуулугу болбосо атактуу жазуучубуз Айтматов кереметтүү чыгармаларын жаза алар беле? Атактуу сүрөтчү Г.Айтиев жаратылыш жөнүндөгү кооз сүрөттөрүн тарта алат беле? Мен айрыкча обончу-композиторлрдун жаратылыш жөнүндөгү обондуу балдар ырларынын тарбиялык маани-маңызына токтолдум.

**Түйүндүү создор:** музыка, жаратылыш, сулуулук, кооздук, чыгармачылык.

## ЖИВАЯ МУЗЫКА НА ПРИРОДЕ

**Аннотация**

Цель этой статьи - обсудить неразрывную связь между природой и живой музыкой. Сегодня кажется, что не принимаются комплексные меры по сохранению природных богатств, красоты нашей страны. Поэтому нам необходимо учить молодежь и школьников жить в гармонии с природой как братья и сестры, учителя и родители. Сколько поэтов, писателей, художников и композиторов-волшебников создали произведения, детские песни, стихи, пейзажи и симфонии, отражающие чудеса природы? Хорошо известно, что природа сосуществует с волшебным языком и силой музыки. Музыка не может существовать без природы, без естественной музыки. Это правда. Это как если бы слепой пришел в этот мир и ушел, не увидев света. Если бы не красота природы, разве наш знаменитый писатель Айтматов написал бы замечательные произведения? Мог ли известный художник Г. Айтиев рисовать красивые картины природы? Особое внимание я уделил воспитательному значению мелодичных детских песенок о характере композиторов-мелодиков.

**Ключевые слова:** музыка, природа, красота, красота, творчество

## NATURE LIVE MUSIC

**Annotation**

The purpose of this article is to discuss the inextricable link between nature and live music. Today, it seems that no comprehensive measures are taken to preserve natural resources, the beauty of our country. Therefore, we need to teach young people and students to live in harmony with nature as brothers and sisters, teachers and parents. How many poets, writers, artists, and magical composers have created works, children's songs, poems, landscapes, and symphonies that reflect the wonders of nature? It is a well-established fact that nature coexists with the magical language and power of music. Music cannot exist without nature, without natural music. It is the truth. It is as if a blind person came to this world and passed away without seeing the light. If it were not for the beauty of nature, would our famous writer Aitmatov have written wonderful works? Could the famous artist G. Aitiev draw beautiful pictures of nature? I especially focused on the educational value of melodic children's songs about the nature of melodic composers.

**Keywords:** music, nature, beauty, beauty, creativity

Байыртадан эле ата-бабаларыбыз жаратылышты ыйык тутуп, аны көздүн карегиндей сактап келишкен. Эгерде жаратылышка туура эмес мамиле жасап, аны кордосо, ага шалаакылык менен мамиле жасагандарды, жаратылыш өзү эле, азапка салып, ажалга учуратып жазалап койгон.

Ар бир кетирген кемчилдиги адамдардын өз мойнуна оор жүк катары түшүп тураар эле. Жаратылыш байлыктарына адам баласынын аёсуз мамилеси, азыркы учурду оор абалга кириптер кылды. Өндүрүштүн, транспорттун, чарбанын дүркүрөп өсүшү атмосферага көптөгөн зыяндуу заттарды чыгарат. Ошол зыяндуу ууланган заттарды, чаңдарды, түтүндөрдү өзүнө сиңирип, санитардык-гигеналык кызматты токойлор, өсүмдүктөр, кыскасы жаратылыштын жашыл чөйрөсү сактайт экен. Демек жаратылыш өзү зор тарбиячы, насаатчы, үгүттөөчү, тазалоочу, айыпкер, жазалоочу, окутуучу болуп пайгамбарлык кесипке ээ, адилеттүүлүктүн, теңирчиликтин үлгүсү болуп жашап келет. Деги эле жаратылыш же табият деген эмне? Жаратылыш жашоо, өмүр, коом, байлык, ден - соолук, сулуулук, суктануу, чыгармачылык. Нечендеген жылдар мурун эле жаратылыштын ыйык күчтөрү кыргыз элине таасир берип, оошуп жугушуп, келгени табигый көрүнүш, чындык экендиги маалым болгон. Бекеринен улуу «Манас» эпосунда да «Табият менен таттуу мамиледе болуу» деген ыйык парз киргизилбегендир[1,3].

Менин бул усулдук доклатымдын максаты - так ушул жаратылыш менен жандуу музыканын ажырагыс, тыгыз байланышы жөнүндө болмокчу. Тилекке каршы жаратылыштын байлыктарын сактоо үчүн комплекстүү иш чаралар жүргүзүлбөй жатат.

Андыктан жаштарга, окуучуларга жаратылыш менен бир тууган, дос болуп таттуу мамиледе болууну биз мугалим-окутуучулар, ата-энелер үйрөтүшүбүз керек. Канчалаган акын-жазуучулар, сүрөткер чеберлер, сыйкырдуу композиторлор жаратылыштын кереметтерин чагылдырган чыгармаларды, ырларды, поэмаларды, пейзаждарды, симфонияларды жаратпады. Музыканын сыйкырдуу тили менен, күчү менен жаратылыштын эриш-аркак, жуурулушуп жашагандыгы эбак эле далилденген чындык. Музыка жаратылышсыз, жаратылыш музыкасыз жашай албайт. Жаратылышсыз жашоо, сокур адам дүйнөгө келип жарыкчылыкты көрбөй өтүп кеткен сыяктуу. Эгерде жаратылыштын сулуулугу болбосо атактуу Ч. Айтматов кереметтүү залкар чыгармаларын жаза алар беле? Атактуу сүрөтчү Г. Айтиев жаратылыш жөнүндөгү жандуу сүрөттөрүн тарта алат беле? Мен айрыкча обончу-композитордун жаратылыш жөнүндөгү ырларынын маани-маңызына токтоломун[5].

Кыргыз композиторлорунун атасы А.Малдыбаевдин 2- класстын окуучулары үчүн жазган «Кышта» деген ырында, кыш мезгилиндеги жаратылыштын кооздугун сүрөттөп, көңүлдүү шайыр мүнөздө экендигин үйрөтөбүз. Композитордун көпчүлүк ырларындай эле бул ырдын тарбиялык мааниси зор: талаадагы жааган аппак кар эгиндин мол болушун, жаратылыштын, айлана-чөйрөнүн тазалыгын, суунун мол болушун, балдардын таза абада муз тээп, көңүл ачып ынтымактуу ойноп, ден- соолуктарын чыңдоого арналган ыр. Сөзү менен обону айкалышып өтө жагымдуу ыр. Бул ыр аралаш өлчөмдөрдө жазылган, бирок окуучуларга үйрөтүүгө кыйынчылык келбейт, ырдын диопозону (ре$^1$-ре$^{2)}$) октава, сегиздик, чейректик, ноталар менен жандуу темпте жазылган. Бирок ыр созулуңку ырдалып, терцияга жана квартага секирип бир муунда аткарылат. Ырдагы кезиккен сегиздик тыныгууну кармап ырдоо окуучуларга эскерилип турат[7,9].

**«Кышта»** **муз: А.Малдыбаевдики**
**сөзү: А.Токомбаевдики**

Мына, мына аппак кар,
Аппак карда алтын бар.
Жазда тердеп ээришет,

Жерге жашын төгүшөт.
Келе берсин аппак кар,
Муз тебели жаш балдар.
Аппак аппак кар,
Аппак карда алтын бар.

Ошондой эле жаш чыгармачыл композиторубуз; Г.Эсенгулованын «Жамгыр жаады тып-тып,-тып» деген ыры жаратылыштын эң бир кооз жаз мезгилин, жаап жаткан таза жамгырды сүрөттөйт. Жогорудагыдай эле бул ырды да жамгыр көп жааса, түшүм мол болуп, элибиз байгерчиликте жашаары, айлана чөйрө тазарып, гүл бакчалар жашылданаары жөнүндө ырдалат. «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт» дегендей жазгы жамгырдын, көктөмдүн жытын, жаш кыздардын саамайларын, көкүлдөрүн жамгырга тосуп, аркы терки чуркап ойногон бактылуу көз ирмемдерди чагылдырган жандуу шайыр ыр. Бул ыр окуучулардын бала-бакчанын тарбиялануучулардын өтө сүйүп ырдаган ыры. Ырдын темпи ылдам, өлчөмү 4/2(ь) белшси бар. Тональносту - ре-dur. Ырдын башынан аягына чейин сегиздик, он алтылык ноталар кездешет, бул ырдын курч ойноок мүнөзүн сүрөттөйт. Ырдын кээ бир тактыларында кокусунан кездешүүчү белгиси жана стакатто белгилери коюлган[4,7]

Бул жамгырда апасы эшикке чыгарбай койгон кыздын, апасына болгон кыска таарынычы, жамгырдын тыпылдаган тамчыларын мүнөздөйт.

**«Жамгыр жаады тып-тып-тып»**

**сөзү, обону: Г.Эсенгулованыкы.**

1. Ойнойм десем мен эшикке,
Апап сөзгө көнбөдү.
Ыйласам да, кыйнасам да,
Такыр көңүл бөлбөдү.

Тып-тып-тып-тып-тып тыпылдаган
Жамгыр жаады эшикте,
Тып-тып-тып-тып-тып тыпылдап,
Чуркап келсем ий эшикке.

2. Мен суу болбой келем апа,
Жалганы жок сөзүмдүн.
Кийип алам атакемдин,
Суу кирбеген өтүгүн.

**Кайырмасы ырдалат.**

Жогорудагыдай жаратылыштын керемет-кооздугун сүрөттөгөн ырларга: Т.Казаковдун «Көк жылгаяк», Ү.Сыдыковдун «Аккан суу», С.Айдаровдун «Кызык экен кышкы оюн», «Жай болсочу дайыма», С.Канатовдун «Кар жаады», Г.Садыбакасованын «Байчечекей», А.Машиевдин «Бакчада», «Мен жайлоого барганда», М.Бостонкуловдун «Жаш багбандардын ыры», «Кыш», Р. Абдыкадыровдун «Кызгалдак», «Жүрүш ыры», С.Айдаровдун «Мен өстүргөн тал-терек», деген ыры да жаратылыштын эмгек менен эриш-аркак болуп, окуучу балдарды тал-терек отургузуп, айлана-чөйрөнү көрктөндүрүүгө тарбиялаган ыр. Ырдын обону жумшак, мээримдүү. Өлчөмү 4\2; үч ь белгиси бар; тональносту - ми-do. Ырда сегиздик, чейректик, жарым ноталар жазылган. Ырды үйрөтүү менен окуучуларды эмгектенүүгө, жаратылышты сүйүүгө, айлана-чөйрөнү жашылдандырууга тарбиялайбыз. Ата-бабаларыбыз тээ байыртадан эле бир түп дарак кыйса, жүз түп дарак отургузушкан. Ошондуктан табиятыбыз таза, кооз болуп сакталып келген.

**«Мен өстүргөн тал терек»**

**муз: С.Айдаровдуку**
**сөзү: Ж.Сыдыковдуку**

Жазды тосуп эртелеп,

Мен өстүргөн тал-терек.
Мончок бүрүн ыргады,
Тан, желине эркелеп[2].

Орто жерин күрөктүн,
Гүл тиккенмин ирээттеп.
Ал өскөндө булбул куш,
Сайрайт көркүн сүрөттөп.

Аткан октой түз арык,
Эчак бүткөн тазарып.
Сымап түстүү суу ичин,
Өсөт бакчам жашарып.

Ошондой эле 4-класстын окуучулары үчүн «Ой кызыл жоолукчан» муз: А.Малдыбаев; сөзү: Ж.Турусбековдуку. Ырдын темпи жандуу, жагымдуу. Өлчөмү 4/4; ь белгиси бар. Тональносту фа- dur.

Бул ырдын өзгөчөлүгү затакттан башталат. Ыр 19 тактыдан турат, кайрымасында рептиза белгиси бар. Реприза белгиси жазылган жерден баштап өлчөм 4/2 ге өзгөрүлөт. Ырдын башынан аягына чейин чейректик паузалар кездешет. Анда ырдын сөзүнө көңүл буруп, маани берип үйрөнөбүз.

1. Толкуган биздин эркибиз,
Арзууланган темпибиз.
Ал тигил кызыл жоолукчан,
Эмгектин кызы селкибиз.

Оой, кызыл жоолукчан,
Кандай турмуш жайыныз.
Курсак ачып кеттиго,
Кайнады бекен оой чайыңыз.

2. Тээтиги зоону ураткан,
Омкоруп ташын кулаткан.
Ал биздин арык казгандар,
Чекеси тердеп суу аккан.

3. Оой, кызыл жоолукчан,
Көрчү менда тердедим.
Териң аарчып жүргүн деп.
Канакей жоолук бергениң.

Бул ырдын маани-маңызы өтө тереңде жатат. Биздин замандын 70-80-жылдарында «коммунисттик ишембиликтер» болоор эле. Кызыл лозунгдарга шаңдуу жазылган ураандар «Биз шарыбыздын тазалыгы үчүн», «Айыл-кыштактарды жашылдандыруу-биздин ыйык милдетибиз» ж.б.у.с. жазышып алып жамааты менен кызыл-тазыл кийинген жаштар арыктарды, каналдарды тазалап, тал-теректердин, жемиш-бактардын көчөттөрүн отургузушаар эле. Ошондуктанбы, айтор ал мезгилдерде эч качан жер көчкүлөр, сел жүрүүлөр, суу ташкындары болбогон. Бүгүнкү биздин Ош шаарыбыздын жашоочуларынын демилгеси «Биз таза шаар үчүн», «Тазалык-шаарыбызга - шаарыбыз - баарыбызга» деген ишембиликтер ошол мезгилди эске салат. «Ой, кызыл жоолукчан» деген ыр татаал эки бөлүктүү форма. Ырдын обонун үйрөтүүдө бир аз кыйынчылыктар кездешет. Себеби ырдын биринчи бөлүгү жай шашпай аткарылат да, экинчи бөлүгү, кайрымасы ылдам, шаңдуу темпке өтөт. Ошондой эле белгилүү советтик композитор Дмитрий Кабалевскийдин «Биздин край» деген ырын алсак болот. Сөзү А.Прищелцтики. Бул ырда сүйүктүү мекенибиздин сулуулугу, кооздугу, сууларынын тазалыгы, мекендин чексиздиги сүрөттөлгөн. Музыкасы да сүйкүмдүү, шаңдуу, абдан назик, обону менен шайкеш келет. Ырдын өлчөмү 3/4; бул темп

вальс темпине жакын. Ырдын башынан аягына чейин жарым чейректик, сегиздик ноталар, сегиздик, чейректик паузалар кездешет. Чекиттүү лига менен бириктирилген ноталар да кездешет. Ырдын сөзү менен тааныштырабыз[3,6].

**«Биздин край»** **м: Д.Б.Кабалевский.**
**с: А. Прищельцтики**

Бирде кайың бирде четин,
Өзөн бойлөп жапан тал.
Айланайын асыл мекен,
Тууган жердей кайда бар!
Тууган жердей кайда бар!

Көк деңизден бийик тоого,
Мейкиндикке каратах.
Жол субалып жол суналыхх,
Алга сүрөп баратат.
Алга сүрөп баратат.

Ой-тоо көлбүп күн нуруна,
Көз чаптырсаң ар-тарап.
Айланайын, тууган жерим,
Жашыл күлгүн жазгы бак!
Жашыл күлгүн жазгы бак!

Биздин алтын балалык чак,
Күндө жаркып күлүңдөп.
Жарык жылдыз астындабыз.
Тууган жерде күлүңдөп!
Жашыл күлгүн жазгы бак!

Музыка сабагында жаратылыштын көрүнүшүн сүрөттөгөн ырлардан жана күүлөрдөн уктуруу, анын авторлору менен тааныштыруу да максатка ылайыктуу.

Жаратылыштагы чымчыктын, булбулдун, торгойдун, күкүктүн, турумтайдын сайрагандарын белгилүү чебер комузчулардын комуз күүлөрүндө, обончулардын ырларында эң бир элестүү берилгендиги окуучуларга өтө кызыктуу.

Обончу С. Айдаровдун «Чымчыктын ыры» аттуу балдарга арналган ырын үйрөтүүдөгү ырдын кайырмасындагы «чык-чырк, чир-линтчү» деген сөздөгү обондун форшлаг менен коздолуп ырдалышы чымчыктын кадимкидей сайраганын туурайт.

Ыр үйрөнүүдө кыйынчылык кездешпейт. Тескерисинче окуучулар ырдын кайырмасын чымчыктын сайраганын туурап үн кубултуп үйрөнүшөт. Өзгөчө өзгөртүү белгилерине си, ми, бемоль жана кайра калыбына келтирилген си бекарь белгисине көңүл буруп таза ырдоого жетиштиребиз.

**«Чымчыктын ыры»** **м: С.Айдаровдуку.**
**с: А. Кыдыровдуку.**

1. Ак кар түшүп тоңду суу,
Эл оозунан чыгып буу.
Кышты көргөн биринчи,
Балапандар болду дуу.
Биз кубандык жакшы бу,
«Чырк-чырк чир-ийт-чу.

2. Жок болобуз кымтынсак,

Жол табылак умтулсак.
Эмгектенсек ысылап,
Томпоет го бир курсак.
Кеппи бизге тоңсо суу,
«Чырк-чырк чир-ийт-чу.

Ошондой эле С. Айдаровдун «Комбайынчы болоюн», «Күзгү бакчам», «Менин акжолтоюм», «Биздин бакча», «Күчүгүм» деген ырлары жаратылыштын музыкага берген белеги катарында берилген. Кыргыздын элдик ырларында да: «Чабалекей», «Бөдөнө», «Турумтай», «Күкүк», «Көпөлөк», «Торпогум», «Тайлак» сыяктуу жан жаныбарлардын, канаттуу куштардыы кереметтүү үндөрүн, образдарын тууураган, далилдеген, көркөмдөп чагылдырган музыкалар кездешет. Кыргыз элинин атактуу акын-жазуучулары да жаратылышты, андагы канаттуу куштардын учканын, сайраганын миң кубултуп жандуу музыка менен комузга салышкан. Алардын бири Ниязаалынын музыкалык тамсил түрүндөгү «Сарыбарпы» күүсү. Ал күүнү угузуунун алдында күүнүн тарыхына токтолобуз.

Сарыбарпы деген чымчык жылда тууган балапандарын жылда жылан жеп койгондугун, өтө назик, мукам, кайгылуу кайрыктар менен көзүнүн жашын төгүп ыйлап турганын комуздун жандуу тили менен черткен.

Күүнүн башталышында жай салмак менен жылан уяны издеп бара жатканын колду өйдө-ылдый шилтеп коздоп чертет. Эми жылан уяга жетейин дегенде темпти ылдамдатып, кылдар коркунучтуу зирилдете чертилет, жыландын бактын башына оролуп чыгып баратканын жай, салмак менен чертип, балапандарды кооруп, чырылдаган чымчыктын образын, тилин чыгарып жыландын ышкырыгынын оң колдун бармагы менен сөөмөйүн койкоңдотуп, комуздун башын көздөй жөрмөлөтүп чымчык менен жыландын кыймылын дал өзүндөй окшоштуруп чертет[8,1].

Чымчыктардын ичинен эң назик, мукам сайраган Сарыбарпынын бышыкчылык издеп жерден-жерди тандап учуп жүргөнүн, балапандарынан айрылып муңканганын төмөнкүдөй циклдер менен черткен: М: «Чүйдүн сарыбарпысы», «Орто-Токойдун сарыбарпысы», «Аксынын сарыбарпысы». Ошондой эле Ниязаалынын «Ак тамак көк тамак» деген күүсү дагы чымчыктар жөнүндө баяндалган күү экендигине токтолобуз.

Орустун белгилүү композитору С. С. Прокофьевдин «Петя жана карышкыр» деген балети жөнүндө кыскача сөз кылабыз, себеби бул чыгармада жаратылыштагы жан-жаныбарлардын үндөрүн кайсыл музыкалык аспаптар өзүндөй туурап, жандуу аткаргандыгына күбө болобуз. Адегенде үзүндүлөрдү балдарга уктурушубуз керек. Баатыр пионер Петянын карышкырды жеңип, кичинекей чымчык менен мышыкты куткаргандыгы тууралуу жазылган. Бул жомок түрүндөгү балет, окуучуларга абдан жагымдуу, кызыктуу, табышмактуу маанай тартуулайт.

Бул жомокту сүрөттөөнү симфониялык оркестр аткарат. Чымчыкты-флейта аспабы, өрдөктү-габой, мышыкты- клорнет, абышканы-фагот, карышкырды-скрипканын, бир альтьт, бир виолонгелдин жана мергенчилирдин атканын-литавранын жана барабандын үндөрү менен коздоп берген. Бул чыгарманы укканда шайыр пионер Петянын, чымчыктардын, акырын баскан мышыктын үндөрүн музыкалык жандуу үндөрү менен бере алган.

Пайдаланылган адабияттар

1. «Музыка» 3-4-класс. Т.Койгелдиева, Ш.Турдумамбетова. 85б
2. .«Музыка» 4-класс. Т.Койгелдиева, Ш.Турдумамбетова, Н.Ниязова. 88-89б
3. «Музыка» 3-класс. И.Рыспаев, А.Абдылдаев. 90б
4. «Жашыл өсүмдүк-жашоо булагы» Б.Каримова.18-19б
5. И.Бекбоева, А.Алимбекова. «Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы» 97б
6. «Балдарга ыр десте» М.Бостонкулов.58б
7. «Мен качан өсүп жетилем» Ү.Сыдыков, С.Айдаров. 26б

8. «Наристенин күлкүсү» М.Бостонкулов. 66б
9. «Педагогика» Б.Апышев. 350б

**УДК:** 78.05

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮН АДЕПТИК АҢ-СЕЗИМИНЕ МУЗЫКАНЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ.

Токтомушева Ширинбү Акеевна- ОшМПУ окутуучу

**Аннотация**

Адамдагы адептүүлүк касиетти калыптандырууда музыканын, обондордун, ал турмак музыкалык аспаптардын ролун изилдөөгө багытталган.
"Музыка инсандын рухий өсүшүндөгү лирикалык поэзиядан кийинки этап болуп эсептелет. Музыка – сезимдин тили. Адамдын жан дүйнөсүнөгү сөз жете албаган эң назик, эң терең жерине музыка жетет.
Өспүрүмдүн жан дүйнөсүнө музыка таасир этип, сүйүү, жашоо, сезим, атуулдук сезимдерин козгойт, толкундандырат.
"Ким жан дүйнөсүнө музыканы алып жүрбөсө, татына гармонияга муздак мамиледе болсо, ал жалганчы боло алат" – деген В.Шекспир.
Өспүрүмдүн жүрүм-туруму адептик нормаларга ылайык келүүсү маанилүү. Өспүрүмдөрдүн аң-сезимдүүлүгүн, искусствого болгон кызыгуусун жогорулатуу. Өспүрүмдөрдүн жан дүйнөсүнө таасир этүүчү куралдардын бири – музыка. Азыркы өспүрүмдүн руханий байлыгынын өсүшүнө жогорку деңгээлдеги сапаттуу искусство абдан жардам берет.

**Түйүндүү сөздөр:** музыка, сезим, өспүрүм, искусство, рух, эстетика.

## ВЛИЯНИЕ МУЗЫКИ НА МОРАЛЬНОЕ СОЗНАНИЕ ПОДРОСТКОВ.

**Аннотация**

Изучение роли музыки, мелодий и музыкальных инструментов в формировании нравственности человека.
«Музыка — это следующий этап в духовном развитии человека после лирики. Музыка – это язык чувств. Музыка достигает самой тонкой и самой глубокой части человеческой души за пределами слов.
Подростки находятся под влиянием музыки, которая пробуждает чувства любви, жизни, чувств и гражданственности.
«Всякий, кто не носит в сердце музыки, кто холодно относится к гармонии вкуса, может быть лжецом», — говорил Шекспир.
Важно, чтобы поведение подростка соответствовало моральным нормам. Повысить осведомленность и интерес подростков к искусству. Одним из инструментов, способных повлиять на жизнь подростков, является музыка. Качественное искусство в значительной степени способствует росту духовного богатства современной молодежи.

**Ключевые слова:** музыка, чувства, подростки, искусство, дух, эстетика.

## THE INFLUENCE OF MUSIC ON THE MORAL CONSCIOUSNESS OF ADOLESCENTS.

**Annotation**

The study of the role of music, melodies and musical instruments in the formation of human morality.
"Music is the next stage in the spiritual development of a person after lyrics. Music is the language of feelings. Music reaches the most subtle and deepest part of the human soul beyond words.
Teenagers are influenced by music that evokes feelings of love, life, feelings and citizenship.
"Anyone who does not carry music in his heart, who has a cold attitude towards the harmony of taste, can be a liar," said Shakespeare.

It is important that the behavior of a teenager is in line with moral standards. Raise awareness and interest of teenagers in the arts. One of the tools that can influence the lives of teenagers is music. High-quality art largely contributes to the growth of the spiritual wealth of today's youth.
**Keywords:** music, feelings, teenagers, art, spirit, aesthetics.

Адамдагы адептүүлүк касиети калыптандрууда музыканын, обондордун, ал турмак музыкалык аспаптардын ролу чоң. Кайра жаралуу доорундагы педагогдор гумандуулукка тарбиялоонун маанилүү каражаты катары көркөм өнөрдү эсептешкен. Көркөм өнөрдүн негизин өздөштүрүү үчүн билими бар адамды тарбиялоону системасынын зарыл элеметине музыка кирген. "Музыка инсандын руханий өсүшүндөгү лирикалык поэзиядан кийинки этап болуп эсептелет. Анын адамдын ойломуна, адеп-ахлагына, эстетикалык тарбия берүүчү таасири бар.

Музыка – сезимдин тили. Адамдын жан дүйнөсүндөгү сөз жете албаган эң терең, эң назик жерине музыка жетет. Ошондуктан тарбия музыкасыр болсо, бала кекчил болуп калат" –деп ыраасталган педагогикалык илим. Табияттын музыкасы – ал музыка эмес, ал тамга аны үйрөнүп алган адам гана сезимдин тилиндеги китепти окууга кирише алат[1,3].

Баланын жалпы өнүгүүсү үчүн музыка керек деп ырастаган советтик педагог.

Музыка адамдын чыгармачылык ойломун өнүктүрүүгө жардам берет. Адамдардын руханий дүйнөсүнө анын таасири бар. Өспүрүмдүн жан дүйнөсүнө музыка таасир этип, сүйүү, атуулдук сезимдерди козгойт.

"Ким жан дүйнөсүнө музыканы алып жүрбөсө,татына гармонияга муздак мамиледе болсо, ал жалганчы боло алат"- деген Шекспир.

В.А.Сухомлинский ырастоолоруна караганда : "Китеп окууга жана музыкага кызыкпаган, аларга такыр көңүл бөлбөгөн балдардын руханий деңгээли төмөн болот, андай балдар арасында кылмыштуулуктун жогору болушунун ортосундагы байланышы бар. Кылмыш канчалык оор, мыкачы, адамгерчиликсиз андай уй-булодо жашаган оспурумдордун интеллектуалдык, эстетикалык талаптары томон, жарды болгондугу ошол уй-булодо музыкага кызыкпагандыгы руханий талаптары да томон болот.

Композитор Моцарттын музыкасы дүйнө жүзүндөгү мелодиялардын ичинде адамдын ден-соолугун психикасын айыктыруучу "чемпион" деп ырастышкан бул негативлдүү мазмундагы ойлорду камтыган ырлардын, рок музыканы өспүрүмдөрдү азыркы мезгилде оорунун эпидемиясы сыяктуу каптап келе жаткан искусствонун зыяндуу таасири айтылды. Азыркы мезгилде өспүрүмдөрдүн уюштурулган дискотекаларды уюштуруу адатка айланды. Ушул проблемалар ата-энелерге, муалимдерге, комчулукка түйшктүү. Дүйнөдөгү жаңырып жаткан музыкаларда сулуудук да жагымсыздык да, жогорку сезимдерди да ойлор да адамдын көөдөнүндөгү боштугу да чагыдырылат.

Мунун баарын музыкалык жактан сабаттуу, маданияттуу, атайын даярдыгы бар адам гана түшүнө алат.

Өспүрүмдөрдүн түрдү мүнөздөгу музыкалык сезимдерди тарбиялоо аны угууну каалаган активдештируу ундогу озгочолукторду байкоо. Коллективдуу ырдоодо, бийлоодо музыканын аткарылышын бирдей болушунун конул бруусун калыптандыруу. Оспурумдордун музыкага конул буруга, кызыгууга, аны угууга, калоого, музыкалык чыгарманы эстеп калууга, жана эмоционалдуу кабыл алууга тарбиялоо.

Музыкалык ой-пикирди чыгарманын мунозундо озгортуунун сезе билууго байытуу. Ар-кандай мүнөздөгү музыканын алдында ыргактуу кыймылды импровизацияларын аткарууну балдардын музыкалык аспаптарында жөнөкөй оюндарды калыптандыруу[2].

Балдарды музыкалык чыгармалардын эмоционалдык мазмунун, мүнөзүн айырмалоого тарбиялайт.

Музыкалык тарбия – өспүрүмдөрдүн музыкалык маданияттык калыптандыруу жана руханий дүйнөсүн байытуу.

Музыкалык тарбия- берүү менен өспүрүмдөрдүн шып-жөндөмүн өнүктүрүү, музыка менен катар профессионалдык музыканы да кенен таануу.

Музыканы кабыл алуу акыл-эс процесстеринде да байланыштуу болот.

Өспүрүмдөрдүн акылын, эстетикалык сезимин өнүктүрүүдө чыгармачылыктын ар-кайсы белгилерин колдоп туруу абзел, себеби алар өспүрүмдөрдүн кабыл алуусун жана элестетүүсүн активдештирет.

Эстетикалык тарбиялоо өспүрүмдөрдүн сулуулукту сезип түшүнүү, көркөм ишмердиктин түрлөрүн өздөштүрүү, өз алдынча иш алып барууга түрткү берет.

Өспүрүмдөрдүн акылы менен денесинин өнүгүшүнүн анын нравалык тазалыгы менен жашоого жана искусствого болгон эстетикалык мамилесинин толук айкалышы өспурумдордун бирдиктүү инсандык сапаттарынын калыптанышынын зарыл шарты.

Музыка өспүрүмдүн сезимине түздөн туз таасир тийгигендиктен анын моралдык жүзүн калптандырат.

Музыканын таасири кээде сүйлөшүү менен үйрөтүүдөн да күчтүү.

Өспүрүмдөрдүн эмоионалдык образдык мазмундагы чыгармалар менен тааныштырат. Музыка менен өткөргон убакыт өспүрүмдөрдүн жалпы жүрүм-турум маданиятына жалпы таасир тийгизет. Музыка өспүрүмдөрдүн моралдык жүзүн калыптандыруу үчүн, адептик сапаттарды табиялоо учүн зарыл шаттарды түзүп адамдын жалпы маданияттуулугунун алгачкы негиздерин орнотот[4].

Музыка аркылуу өспүрүм айлана-чөйрөнү терениреек сезип, кабыл алат. Музыка – өспүрүмдүн жашоосунда анын жандандырган көптөгөн таттуу сезимдерди жаратат, шайыр болууга үйрөтөт, жана өспүрүмдүн чыгармачыл шыгын, фантазиясын өркүндөтөт. Музыканын дагы бир башка өзгөчөлүгү –бул жалпы сезимдер аркылуу адамдарды чогултуп алардын ортосунда сүйлөшүү каражаты болгон. Адамдын терең сезимдери менен чоң ойлорун көрсөтө алган, адамдардын эмоциясына таасир бере алган көркөм чагырмалар өспүрүмдөрдүн жаш кезинен тартып эле тарбиялоонун башаты жана каражаты.

Музыка бардык угармандарга бирдей таасир бере алабы? Албетте бере албайт. Музыканын дагы бир өзгөчөлүгү адамга жашоонун биринчи күндөрүнөн тартып эле таасиринин тийгизиши. Өспүрүмдөрдүн музыкага көңүл бурууга, кызыгууга, аны угууга каалоого, уккан музыкалык чыгарманы эстеп калууга, эмоционалдуу кабыл алууга тарбиялоо.

Адамдар өткөн муундун адептик эрежелерин өздөштүрүү менен гана чектелбестен адамдын аң-сезиминде, эч кандай өнүгүү болмок эмес.

Коом өзгөрсө кыйынчылыкка карабастан адамдын жүрүм-турумун эрежелерине өзгөрүүлөрдү киргизишет.

Өспүрүмдөрдүн жан дүйнөсүнө таасир этүүчү куралдардын бири – музыка.

Назик сезимди ойготуп, кудуреттүү ыкманын бири.

Адамдагы адептүүлүк касиетти калыптандырууда музыканын, обондордун, музыкалык аспаптардын ролун изилдөөгө багытталган.

Чарльз Дарвин: "Эгерде мен жарык дүйнөдө кайрадан дагы бир жолу жашап калсам, эң жок дегенден ыр окумушту, жана музыка угушту эреже кылып алат элем. Ушундай үзгүлтүксүз көнүгүүнүн натыйжасында азыркы мезгилдеги шал болуп калган бөлүктөрүндөгү активдүүлүктү мүмкүн сактап калаар белем. Бул табитти жоготуу, бакытты жоготуу менен барабар, мүмкүн акыл-жөндөмүнө, андан көбүрөөк адеп-ахлагына мунун зыяны тийип жаткандыр" – деген ойду айткан.

Окуу планда каралган предметтердин ичинен эки предмет: музыка жана сүрөт мээнин оң жарым шарын өнүктүрөт. Өспүрүмдүн жалпы өнүгүүсү үчүн музыка керек деп ырастайт. Ошондуктан окуу планга музыка сабагы киргизилген. Музыка адамдын чыгармачыл ойлорун өнүктүрүүгө жардам берет.

Адамдын руханий дүйнөсүн байытууга жардам берет.

Байыркы акылмандар "Дарынын баары уу, маселе анын дозасында" дешчү экен.

Бул сөздүн музыкага да тиешеси бар. Француз психотерапевти Альфред Томатис "Музыка атом энергиясы сыяктуу, анын потенциалын акыл-эс менен пайдаланса, өспүрүмдөрдүн денесин жана рухун айыктыруучу таасир тийгизет" – деген.

Өспүрүм чагында кекечтенип бир сүйлөмдү да аягына чейин айта албаган балага, Альфред Томатис ага күнүгө 2 саат Моцарттын жазганмузыкасын угууну сунуш кылган, ал эки жумада айыккан[5].

Рок музыка кээ бир балдардын психикасына баңгизат сыйяктуу өтө тез таасир эткендиктен өзүнө-өзү өстүрүүгө жеткирет.

Өспүрүмдөрдүн тарбиялык мааниси ырлар аркылуу беришет.

Адам өмүр бою тарбияланып такшалат. Адептик тарбиянын башаты, аң-сезимдин калыптануусу жүрүш, адептик эрежелерин үйрөнүүсү.

Өспүрүмдөрдүн адептик нормалары, эрежелерди, түшүнүшөт, жакшы жаманды, талдашат, музыканы уга билишет, анан адептик тажрыйбага ээ болот.

"Адам билимдүүлүгү, билгичтиги аркылуу аң-сезимине жараша аз же көп пайда келтирет" – деген В.Г.Белинский.

Адептик аң-сезими өнүккөн инсан коомдун мүчөлөрүнө жакшылык кылып руханий дүйнөсүнүн байышына, өнүгүүсүнө таасир этип турат.

Азыркы мезгилде адептик аң-сезим, жашоонун маңызын, адамдын руху, дили, акыл-эси ойлому көз карашы, музыкага болгон кызыгуусу.

Өспүрүмдөр үчүн музыкалык тарбия берүү эстетикалык тарбия берүү каражаттарынын бири болуп музыка эсептелет.

Анын өспүрүмдөргө тийгизген эмоционалдык таасиринин күчү талашсыз.

Жашоодогу негизги максаты – өспүрүмдүн ден-соолугун чындоого жана анын дени сак болушуна гана кам көрүү болбостон, өспүрүмдүн руханий байлыгынын өсүшүнө жогорку деңгээлдеги сапаттуу искусство, музыка абдан жардам берет. Искусство, музыка жөнүндө тереңиреек ойлонсок, ал адамдын мүнөзүн жакшыртууга зор таасир тийгизет.

Бирок, азыркы телерадио берүүлөрдөн көрсөтүлүп жаткан искусствонун бүт эле жанрлары, алардын ичинен кино, элдик ырлар, классикалык музыка келечек муунадардын руханий муктаждыктарын канааттандырып эң бийик чектеги руханий ырахаттануусуна жеткизе алабы? Албетте, жок. Себеби, искусствонун бардык жанрларына тиешелүү болгон материалдардын сапаты жана иреттүүлүгү жагынан , угуучунун ички дүйнөсүн, атуулдук сезимин ойгото турган музыкадагы обондуулук жок, элдик ырлардын ыргактык гармониясы, көркөм өнөргө тиешелүү болгон эстетикалуулукту көздөгөн эмес.

Адабияттар

1. "Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык жана психологиялк аспектилери" Жумабаева Г.А. 72-82б
2. "Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы" А.Алимбеков. 41-45б
3. "Адеп Наама" А.Шакиров. 47-50б
4. "Адептүүлүктүн башаты татыктуу тарбия" Алымбаева Б.Б., Манасова Б.М. 47-50б
5. "Балдарга музыкалык билим берүү" Л.В.Усенко, К.С.Сейдекулова. 57-67б
6. "Адеп" Ж.Ысманова, В.Мусаева, К.Ибрагимова.38-48б

**УДК.** 37.371.

## ОКУТУУЧУЛАРДЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН НАТЫЙЖАСЫН КӨРСӨТҮҮДӨГҮ ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРДУН РОЛУ

Акматова Т.А. – ОшМУ п.и.к., доцент
Мусаканова М.- ОшМПУ улук окутуучу
Шарип кызы А.- ОшМУ улук окутуучу

**Аннотация**

Аталган макалада компетенттүү окутуучунун дагы бир артыкчылыгы күндөлүк окуу процессинде интерактивдүү методдорду колдонуу менен сабак өтүү. Интерактивдүү сабактарды өтүү үчүн ал окуу процессинде психологиялык жана логикалык элементтерди камтыган үч компонентти: 1.чакыруу. 2.түшүнүү. 3.ой жүгүртүүнү уюштура билүүсү негизги проблемалардан экендиги баарыбызга белгилүү.

Ошондуктан, натыйжалуу окуу процессинин жүрүшү окутуунун жогорку компетенциясын аныктайт. Анткени компетенттүү окутуучу өзүнүн көз алдына өтө турган сабагынын технологиялык картасын жатка элестетип, этапта колдоно турган интерактивдүү методдорду айныксыз билип, аларды колдонуунун дидактикалык жолдорун толук кандуу билүүсү шарт экендиги көрсөтүлгөн жана компетенттүү окутуучунун окутуунун жаңы технологияларын колдонуп өтүүсү – субъектинин белгилүү объективдүү материалдарды түшүнүп, ага “рефлекция жасоо стадиясы” – деп да кароого болот же субъектин өтүлгөн материал менен жаңы материалды байланыштыруудагы жаңы материалды мурдагы түшүнүктөрү боюнча эске түшүрүү кырдаалы – чакыруу аталса, түшүнүүдө – эми субъектинин бири-бирине симпатиялык, толеранттуулук менен мамиле жасашы, биринин оюн экинчиси сезе билүүсү, ал аракеттердин максатка багытталышы, ал эки жактын кыймыл-аракетинин натыйжасынан көрүнүшү катары кароого болот, ал эми ой жүгүртүү – чакыруу, түшүнүү стадияларынын жыйынтыкгы экендиги кеңири жазылган.

**Түйүндүү сөздөр:** окутуучу; компетенттүүлүк; психология; педагогика; окуу процесси; рефлекция.

## РОЛЬ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ В ДЕМОНСТРАЦИИ РЕЗУЛЬТАТОВ КОМПЕТЕНЦИЙ УЧИТЕЛЕЙ

**Аннотация**

Еще одним преимуществом компетентного преподавателя в этой статье является то, что он преподает, используя интерактивные методы в процессе ежедневного обучения. Для того, чтобы проводить интерактивные уроки, он имеет три компонента, которые включают психологические и логические элементы в процесс обучения: 1. Приглашение. 2. Понимание. 3. Одной из основных проблем является умение организовать мышление. Если учащийся сумеет сформировать эти три компонета по внутренней психологии, то научное мнение о том, что данные знания, умения и навыки будут эффективными.

В то же время ход эффективного учебного процесса определяет высокий уровень педагогической компетентности. Потому что грамотному учителю необходимо запомнить технологическую карту предмета, знать интерактивные методы, которые будут использоваться на этапе, знать дидактические способы их использования, понимать эту психологическую ситуацию, используемую на каждом этапе американцами.

Это связано с тем, что использование новых технологий обучения компетентным учителем как современное требование - субъект может понять известный предметный материал и рассматривать его как «этап рефлексии» - или припоминание субъектом нового материала по отношению к предыдущему материалу. Понимание -теперь сочувственное, толерантное отношение субъекта друг к другу, способность одного чувствовать мысли другого, целенаправленность действий, которые можно увидеть как результат действий обеих сторон, и мышление-окончательное доказательство вызов, этапы понимания.

**Ключевые слова:** преподаватель; компетентность; психология; педагогика; процесс обучения; рефлекция.

## THE ROLE OF INTERACTIVE METHODS IN DEMONSTRATING THE RESULTS OF TEACHERS' COMPETENCIES

**Annotation**

Another advantage of a competent teacher in this article is that she teaches using interactive methods in the daily learning process. In order to conduct interactive lessons, it has three components, which include psychological and logical elements in the learning process: 1. Invitation. 2. Understanding. 3. Organize thinking. If the student is able to form them in the internal psychology, then the scientific view that the given knowledge, skills and abilities will be effective. At the same time, the effectiveness of the learning process determines the high level of teaching competence. Because it is necessary for a competent teacher to memorize the technological map of the subject, to know the interactive methods to be used at the stage, to know the didactic ways of their use, and to understand this psychological situation used at each stage by American educators .

This is because the use of new learning technologies by a competent teacher as a modern requirement - the subject can understand the known objective material and consider it as a "reflection stage" - or the subject's recollection of new material in relation to the previous material. Comprehension - now the subject's sympathetic, tolerant attitude to each other, the ability of one to feel the other's thoughts, the goal-oriented actions, which can be seen as a result of the actions of both parties, and thinking - the final proof of the call, understanding stages.

**Keywords:** teacher, competence, psychology, pedagogy, learning process, reflection.

**Киришүү.**Кесипкөй адистин компетенттүүлүгү интерактивдүү методдорду окуу процессинде колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнөн көрүнүү маселеси кечээ же бүгүн пайда боло калган жок. Компетенттүү окутуучу өзүнүн окуу процессинде студенттерге билим, билгичтик көндүмдөрдү берүүсү, аларды гумандуулукка тарбиялоо менен ар тараптан өстүрүп, өнүктүрүп, чыгармачыл активдүү позициядагы инсандык деңгээлге жеткирүү, педагогикалык байкоо, педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү методдору, педагогикалык эксперимент методдору аркылуу ишке ашырылды.

**Жыйынтыгы.** Макаланын негизги жыйынтыгында атайын орто окуу жайларындагы адистердин кесипкөйлүүлүгүн – компетенттүүлүгүн – жогорулатуу менен билим берүүдө алардын билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн бекем, натыйжалуу болушу үчүн компетенттүү окутуучу ар кандай ситуациялардан чыгуу үчүн окутуунун жаңыча технологияларын колдоно билүүсүнө жетиштирүү.Билим берүү чөйрөсүндө окутуучулардын компетенттүүлүгүн жогорулатуучу метод, тапшырмаларды иштеп чыгаруунун зарылдыгы. Анткени компетенттүү окутуучунун студенттердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн активдештирүү менен жогорулатуусу, ага багыттай билүүсү жогоруда белгилеген чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү стадиясынан башталары анык. Ошондуктан компетенттүү окутуучу студенттерди туура багытка калыптануусуна, психологиялык жактан толук кандуулукка алып келээри бышык.

ЖОЖдордун окутуучуларынын жогорку деңгээлиндеги сапаттуу билим берүүгө жетишүүсүнө негизги предмет катары алардын ички психологиясында сынчыл ойлом жөндөмдүүлүгүн өстүрүү зарыл милдеттерден экендигин көп жолу белгилеп өттүк.

Студенттин жүрүм –туруму төрт фразадан турат:

1-фразада: Кыймыл аракетти козгоочу; чакыруу;

2-фразада:Жеке, жуп, тайпада максаттын жүзөгө ашырылышы;түшүнүү;

3-фразада:Чыныгы кыймыл аракет; ой-жүгүртүү аркылуу;

4- фразада: Кыймыл аракеттин иш жүзүндө аткарылышы; ой-жүгүртүү

Студенттин жүрүм-турумундагы төрт фазадагы кыймыл аракеттердин иш жүзүнө ашырылышында интерактивдүү методдордун ыктуу пайдаланылышы жемиштүү натыйжага алып келинет. Бул болсо окутуучулардын студенттерге билим берүүсүндөгү компетенттүүлүктү аныктайт.

**Методдор активдүү жана интерактивдүү методдор болуп бөлүнөт.**

Активдүүгө: Иштиктүү оюндар, ролдук оюндар, дебаттар, дискуссия, түшүнүктөрдүн үстүндө иштөө, документтерди анализдөө ж.б.

Интерактивдүүгө: Кейс – методу, мээге чабуул жасоо, карусель, проект түзүү ж.б. Жыйынтыгында окутуучулардын компетентүүлүгүн көрсөтөт.

Интерактивдүү окутуу – студенттердин билүү иш аракетин уюштуруунун атайын формасы. Ал студенттердин интеллектуалдуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, өз алдынча ой жүгүртүүгө, акыл-эсинин өсүшүнө; окуу материалдарды тез жана бекем өздөштүрүүсүнө, үйрөнүп жаткан кубулуштардын маани-маңызына терең жетүүсүнө; чыгармачылыктуу жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Интерактивдүү өз ара аракеттенүүнүн белгилери: көпчүлүктүн үн кошкону, диалог, иш аракеттерге ой жүгүртүү, чыгармачылыктын маанилүүлүгү, эркин тандоо, ийгиликтүү ситуациялардын түзүлүшү, рефлекция.

Интерактивдүү окутуу–бул, негизинен, диалог аркылуу окутуу, анын натыйжасында студент менен окутуучунун, студент менен студенттин ортосунда өз ара аракеттенүү иш жүзүнө ашат.

**Изилдөөнүн методикасы**

Компетенттүү окутуучу окутуунун инновациялык методдорун ыктуу пайдалануусу менен бирге эле, жаңы материалдарды студенттерге берүүдө жаңы техникалык каражаттарын пайдалануу зарыл. Жаңы техникалык каражаттардын бири – бул интерактивдүү доска. Жогорку окуу жайларда лекциялык, семинардык жана лабораториялык сабактарды өтүүдө интерактивдүү досканы колдону өтө маанилүү.

Окуу процессине маалыматтык технологияны киргизүүдө ага туура келүүчү окуу жана окуу-методикалык материалдар, техникалык жана инструменталдык каражаттар, кээде татаал болуп калат. Ошондуктан ар бир колдонулуучу техникалык каражаттардын ордун, түзүлүшүн жана аткаруучу кызматын билүү зарыл.

Студенттерге жаңы материалдардын кабыл алынышы, өздөштүрүлүшү, көңүл бурулушу, эсте сакталуусу окутуунун канчалык деңгээлде алардын өзүнүн үстүндө иштегендигин көрсөтөт. Ал үчүн окутуучулардын мультимедиалык каражаттарды пайдалануусу иш аракеттердин эффективдүүлүгүн көрсөтөт. “Мультимедиа” түшүнүгү бул маалыматтардын бир канча формада берилиши болот. Алар: текстик, графикалык, үн менен коштолуусу, анимациялык, видео ж.б. жаңы материалдын мындай формаларда берилиши билим алуучулардын тез өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзөт.

Окутуудагы заманбап мультимедиалык каражаттардын негизгиси тиешелүү программа менен камсыздалган интерактивдүү доска. Интерактивдүү досканы түзүүчү шаймандар: интерактивдүү доска жана анын программалык камсыздалышы, компьютер, проектор. Ошону менен бирге интерактивдүү досканын кошумча программа менен камсыздалышына, орнотулушуна, эксплуатациясына (гарантиясына, коопсуздугуна, интернетке байланышына) көңүл бөлүү керек.

Интерактивдүү доска ар түрдүү багыттагы окууга, окутууга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө зарыл. Төмөнкү үч түрүн белгилейли:

1. Моделдерди түзүүдө, көрсөтүүдө жана презентациялоодо интерактивдүү доска ыктуу колдонулат.
2. Студенттерди сабакка кызыктырууда, мотивация берүүдө алардын активдүүлүгү күчөйт.
3. Сабактын жүрүшүн, темпин жогорулатууда жана пландаштырууну жакшыртууда интерактивдүү доска өтө маанилүү.

Тайпанын бардык студенттерин окутууда моделдерди түзүүдө, демонстрациялоодо, презентациялоодо-интерактивдүү доска баалуу инструмент. Жаңы теманы өтүүдөгү материалдарды студенттерге түшүндүрүп берүүдө жандуулукту, кызыгуучулукту алып келген ресурс бул визуалдуулук, башкача айтканда студенттер өз көзү менен көрүп кабыл алуусу тездейт. Доскадагы маалыматтарга түшүндүрмө берүүдө интерактивдүү досканын

карандашы менен артка кайтып, керек болгон маалыматтар менен толуктап, керек болсо чиймесин чийип, сүрөттөлүштөрдү көрсөтүүгө да болот.

Студенттердин активдүүлүгүн күчөтүүдө жана алардын билимдерин текшерүүдө да интерактивдүү досканын ролу чоң. Окутуучу берген суроолорго студенттер интерактивдүү досканы өз ара дискуссия, талкуу жүргүзүшүп туура жообун айтууга да мүмкүнчүлүк алат. Жаңы материалдардын зарыл болгон элементтери окутуучу тарабынан алдын-ала даярдалып, студенттерге сунушталса, анда ал материал тез өздөштүрүлөт.

Сабактын жүрүшүнүн, темпинин жогорулатылышы интерактивдүү досканын туура, так жана ыктуу колдонулушуна байланыштуу. Мисалы, өтүлүүчү жаңы материалдын графиктери, схемалары даана сызылып, алар зарыл болгон учурда көрсөтүлүп, зарылдык болбогондо жаап коюга болот.

Алдын-ала даярдалган тексттер, таблицалар, карталар, тематикалык CD-ROMдор, мультимедиалык файлдарга кошумча толуктоолор жана Интернет-ресурстар өтүлө турган сабакка күчтүү темп берет, башкача айтканда экранга клавиатурадан өткөндө жана тексти жазууда көп убакыт жумшалбайт.

Интерактивдүү доска үчүн атайын компьютер каралып, компьютердин чычканы (мышь) менен иштелет. Анын жардамы менен каалаган программаны иштетүүгө, каалаган тиркемени көрсөтүүгө болот. Компьютердин режим экраны документтерди көрсөтүүдө, презентациялоодо, окууга багытталган прикладдык программалар менен иштөөдө, анимацияларды жасоодо, Интернетке кирүүдө ошондой эле экрандын режиминдеги жазылгандар доскага каалаган маалыматтардын аннотацияларын чыгарууда колдонулат. Microsoft office, Power Point программасынын негизинде даярдалган демонстрациялык жана дидактикалык материалдарды студенттер үчүн колдонууда негизги слайддарды белгилеп кийинки сабакта демонстрациялоодо колдонуу мүмкүн. Студенттер үчүн түзүлгөн слайддарда практикалык тапшырмаларды көрсөтүүгө болот: маселелерди, кроссворддорду, ребустарды ж.б.[5].

Интерактивдүү досканын карандашы менен экрандагы бардык ресурстарга түшүндүрмө берүүгө, кийинки сабакта пайдалануу үчүн кээ бир маалыматтарды сактоого жана ал файлды керек учурда пайдаланууга болот.

Интерактивдүү доска менен иштөөдөгү негизги артыкчылыктар:

- Бир канча окуу жылындагы окуу программаларынын бирдиктүүлүгү;
- Окутуучунун веб-сайттар жана башка ресурстар менен эффективдүү иштөөсүнө мүмкүнчүлүк түзүлүп, жаңы материалды ыктуу берилиши;
- Тайпада талкуулоого жана өз ара аракеттенишүүгө көбүрөөк мүмкүнчүлүк түзүлгөндүгү;
- Ресурстардын ар түрдүүчөлүгү жана студенттер үчүн сабак кызыктуу, пайдалуу болуп, мотивациянын берилгендиги.

Азыркы учурда психологдор берилип жаткан маалыматтардын 15% вербалдуу, 25% - визуалдуу өздөштүрүлөт, ал эми бул кабыл алуунун эки каналы бирдей колдонулса, анда жаңы материалдын өздөштүрүлүшү 65% га чейин жогорулайт, - деп бир пикирге келишти. Бул учурда интерактивдүү доска окутуунун эффективдүүлүгүн күчөтөт. Берилип жаткан материалдардын ачык-айкын, даана болушу билим алуучулардын активдүүлүгүн күчөтөт жана үйрөтүлүп жаткан материалдарды толугу менен кабыл алынышына шарттайт. Көрсөтмөчүлүктүн салттуу (традициялык) методдордон айырмаланып интерактивдүү доскада кыймылга келген учурда да көрүүгө болот.

Интерактивдүү доскада текстүү, графикалык, аудио жана видео информацияларды бириктирүү мүмкүн, ошондой эле анимацияны колдонуу сабактагы берилүүчү маалыматтардын сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Интерактивдүү досканы сабактын ар бир этабында пайдаланууга болот, анын аткаруучу милдеттеринин тобу каалаган окуу иштеринде жана каалаган дисциплинада практикалык түрдө ыңгайлашууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Интерактивдүү доска сабактын кайсы этабында болбосун, кандай максатта пайдаланылбасын берилген маалыматтарды визуалдаштыруудагы студенттердин муктаждыгы өтө жогору.

Азыркы учурда деле интерактивдүү досканы пайдалана албаган окутуучулар дагы бар. Системдүү илимий ой жүгүртүүнү, ойлонууну тизмектештирүүнү, мейкиндик жана ассоциативдүү ой жүгүртүүнү, вариативдүү ой жүгүртүүнү, жана жаңы сезимдерди, интуицияны, элестетүүнү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүгө жаңы маалыматтар технология мүмкүндүк берет.

Окутуунун инновациялык методдорун пайдаланууда интерактивдүү досканы колдонуу эффективдүү жыйынтыкты берет.

Бул инструменттер интерактивдүү досканын жардамы менен окутуунун интерактивдүү методдорун студенттерге эффективдүү пайдаланылышына өбөлгө түзөт.

Аталган милдетти жүзөгө ашыруу үчүн окуу процессинде компетенттүү окутуучу психологиялык жана логикалык элементтерди камтыган үч компонентти:

1. Чакыруу.
2. Түшүнүү.
3. Ой жүгүртүү аркылуу ишке ашыруусу керек.

***Окутуучунун жаңы темага чакыруусундагы*** окутуунун бул психологиялык өзгөчөлүгү проблемалык жагдайдагы кырдаалды түзгөндүгүндө. Анткени субъекттин - студенттин ойлонуу процесси так ушул кырдаалдан башталат. Себеби субъект аталган жаңы тема боюнча кандайдыр бир коомдогу окуялар, көрүнүш, конфликтер жөнүндө ой жүгүртө баштаганда карама-каршылыктарга туш болуп, анын ички психологиясында студентке түшүнүксүз проблемалык жагдайдын пайда болгондугу чакыруунун эң негизги компоненти болуп эсептелет.

Эгерде ***чакыруу*** ойлоо процессинин башталышы катары ал кырдаалды пайда кылып, аны чечүү үчүн жасалган иш аракет катары анын структуралык компонентине кирүү менен ал процесс өзүнө дагы (психологиялык структурасына) үч компонентти камтыйт:

1. Үйгө берилген жана өтүлө турган жаңы тема.
2. Аны түшүнүү үчүн субъектинин жасаган иш- аракети.
3. Иш- аракеттин ишмердүүлүккө айланышы.

Чакыруудагы психологиялык бул кырдаалдын түзүлүшү америкалык педагогдор Ч.Темпл, Д.Стил, К.Мередис менен кошо чет элдик педагог-психологдор Л.С.Выготский, Д.Дьюди, Э. Ильенкова, К. Роджерс, Б.Блум, А.М.Пятигорский, М.М.Бахтиндер тарабынан изилденип жана бул жагдайды алар окуу процессинин борбордук түйүнү катары эсептешип билимди өздөштүрүүчүнүн бул стадияда суроолор, стратегиялар аркылуу жаңыча сапаттарга ээ болуусу деген ойду айтышат [2,4].

Учурда окутуучу эмне менен жашап жатат жана өзүнүн иш аракетин кандайча түзүп алуусу керек? – деген суроого туура жооп тапса гана компетенттүү экендигин айтууга болот [1].

Азыркы мезгилдерде мезгил талабы катары компетенттүү окутуучу окутуунун жаңы технологияларын колдонуп өтүүсү–субъектинин белгилүү объективдүү материалдарды түшүнүп, ага «рефлекция жасоо стадиясы» - деп кароого да болот же субъектин өтүлгөн материал менен жаңы материалды байланыштыруудагы жаңы материалды мурдагы түшүнүктөрү боюнча эске түшүрүү кырдаалы десек дале болот.

**Тыянак**

Демек, жыйынтыктап айтканда окуу процессиндеги чакыруу стадиясы – компетенттүү окутуучу тарабынан студентке өтүлө турган жаңы теманы мурда өздөштүргөн билиминин

негизинде толук кандуу чечүүгө болбой тургандыгын аңдоого, ага реакция жасоого мүмкүнчүлүктүн берилиши, аны сезе билишине түрткү болушу, туш келген карама-каршылыктан чыгып кетүү үчүн изденүүсүндөгү психологиялык абалы болуп саналат[9].

Бирок студенттер берилген тапшырманы үйдөн жакшы даярданып, ар бир тапшырма менен таанышып, аны эске тутушуп чыгарма же чыгармачыл инсан, же арифметикалык амалдар тууралуу чакыруу жасалганда ага реакция берүү үчүн негизги билимдери терең болуусу, ошол эле мезгилде окутуучунун илимий-педагогикалык ишкердиги–компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде болуусу зарыл[3; 4].

Анткени илимде бул жагдай изилдөөнүн натыйжасында жыйынтыкка келинсе, студенттер үчүн компетенттүү окутуучу тарабынан түзүлөт.

Студенттер үчүн бул стадияны түзүүнүн максаты – берилген тапшырма боюнча алардын ойлоо ишмердүүлүгүн активдештирүү, чыгармачыл активдүүлүгүн жаратуу, өз алдынча таанып билүүлөрүн стимулдаштыруу, логикалык ыраттуулукка жетиштирүү, жаңы теманын маңыз мазмунун түшүнүп аны анализдөө максатында студенттердин мурда алган билимдерин актуалдаштырууларына жетиштирүү болуп саналат. Анткени бул стадияда жаңы теманы түшүнүү үчүн мурдатан алган билимдерин пайдалануу менен өтүлгөн сабактарда өздөштүрүлүп келген ык, стртегияларын кеңири колдонууга жетишишет. Бирок алар колдонгон ыкмалар жаңы теманы өздөштүрүүдө ар дайым туура келе бербеши да мүмкүн. Мына ушундай кырдаалда окутуучу бир топ кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн. Андан чыгууда жогоруда белгилеп өткөн критерийлерди пайдаланган оң натыйжаларды берүүгө (алууга) түрткү болоруна шек жок[2].

«Чакырууга» караганда **«Түшүнүү»** өзгөчө функциялык касиети менен айырмалангандыгын А.И.Красило менен А.П.Новгородцеванын педагогикалык психология боюнча түзгөн хрестоматиясында (2) ар кандай индивиддин актылык жүрүм-туруму ***илимде төрт фазада***: **1- фаза** – кыймыл аракетти өнүктүрүүнү козгоочу; **2-фаза** – ар кандай формада: жеке, жуп, тайпада стратегиянын ар кандай тибин колдонуу аркылуу эки субъектинин биргелешкен максатта жүзөгө ашырылышы айрым бөлүктөрдөн турган көп ярустуу билимдин бекемдигине, психологиялык контактын күчтүүлүгүнө негизделет.

